УДК: 82.0

*Абдыкеримова А. Э., филол. илим. докт.*
*aaida1973@mail.ru*
*Сулайманова Н. А., окутуучу, nargi84@list.ru*
*Боронбай кызы Ш., магистрант*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

# КӨРКӨМ ЧЫГАРМАДАГЫ ПОРТРЕТ ЖАНА ПОРТРЕТТИК СЫПАТТОО МАСЕЛЕСИ

*Макала көркөм адабий чыгармадагы портрет, портреттик сыпаттоо маселесине арналган. Эмгекте каармандын образын ачып берүүнүн көркөм каражаты катары портреттин, портреттик сыпаттоонун маңызы ачылып берилет. Портретте каармандын жекече жана типтүү сапат-белгилери синтезделери, сүрөттөлүп жаткан доорго, чыгарманын жанрына, адабий багытка, автордун көркөм стилине жараша өзгөрмөлүү болору талдоого алынган. Портретик мүнөздөмөнүн негизги түрлөрүнө кыскача сыпаттама берилет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *көркөм чыгарма, портрет, портреттик сыпаттоо, образ, мүнөздөмө, каарман, типтүү, жекече, сырткы көрүнүш, көркөм каражат.*

*Абдыкеримова А. Э., докт. филол. наук.*
*aaida1973@mail.ru*
*Сулайманова Н. А., преподаватель, nargi84@list.ru*
*Боронбай кызы Ш., магистрант*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

# ПРОБЛЕМА ПОРТРЕТА И ПОРТРЕТНОГО ОПИСАНИЯ В ХУДОЖЕСТВЕННОМ ПРОИЗВЕДЕНИИ

*Статья посвящена проблеме портрета, портретного описания в литературном художественном произведении. В работе раскрывается сущность портрета, портретного описания как художественного средства. Анализируется синтез в портрете индивидуальных и типичных черт персонажа, изменчивость портрета в зависимости от изображаемой эпохи, жанра произведения, литературного направления, художественного стиля автора. Представлено краткое описание основных видов портретной характеристики.*

***Ключевые слова:*** *художественное произведение, портрет, портретное описание, образ, характеристика, персонаж, типичный, индивидуальный, внешний вид, художественное средство.*

*Abdykerimova A. E., doctor of Philology*
*aaida1973@mail.ru*
*Sulaymanova N. A., teacher, nargi84@list.ru*
*Boronbay kyzy Sh., master's student*
*IKSU, K. Tynystanov, Kyrgyzstan*

# THE PROBLEM OF PORTRAIT AND PORTRAIT DESCRIPTION IN ARTWORK

*The article is devoted to the problem of a portrait, a portrait description in a literary work of art. The work reveals the essence of a portrait, a portrait description as an artistic means. The synthesis in the portrait of the individual and typical features of the character, the variability of the portrait depending on the depicted era, the genre of the work, the literary direction, the artistic style of the author are analyzed. A brief description of the main types of portrait characteristics is presented.*

***Key words:*** *work of art, portrait, portrait description, image, characteristic, character, typical, individual, appearance, artistic medium.*

Акыркы жылдарда илимде үстөмдүк кылып жаткан антропоборбордук тенденциянын негизинде, адабият таанууда жана лингвистиканын айрым тармактарында көркөм адабий чыгарманын текстинде адамдын репрезентацияланышы маселесине болгон кызыгуулар арбын болууда. Анткени бул жагдай адабий чыгарманы системдүү түрдө, тарыхый-адабий өңүттө, ар тараптуу иликтөө-талдоого алууга жана мамиле кылууга, анын натыйжасында, сөздүк-образдык көркөм ойломдун спецификасын, социалдык байланыштарды, адабияттын форма жна мазмун жаратуучу принциптерин аныктоого, чыгарманы өзгөрмөлүү тарыхый жана социалдык контекстке камтылган татаал система катары түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Адабий чыгармада адамдын репрезентацияланышы портреттик сыпаттоо же портрет маселеси менен түздөн-түз байланыштуу. Чыгармада портреттик сыпаттоо же портрет көркөм образга мүнөздөмө берүүнүн, образды көркөм жалпылоонун бир каражаты болуп саналат. Ал башка көркөм каражаттар: каармандардын маанайын жана оюн сыпаттоо, сюжеттеги окуялардын өнүгүшү, автордук баяндоо, кырдаал-шартты сыпаттоо же интерьер, пейзаждык сүрөттөөлөр, каармандардын диалогдору ж. б. менен биргеликте чыгарманын композициялык бүтүндүгүн камсыз кылууда колдонулат. Сыпаттоо, мүнөздөөнүн жогоруда аталган каражаттарынын системасы чыгармада көркөм образды конструкциялайт. Портреттик сыпаттоо аркылуу туюндурулган маалыматтар психиканын тереңдеги жана кылдат структураларына даректелип, татаал мазмундук эмоцияларды жаратат. Демек, портреттик сыпаттоо же портрет көркөм образдын маанилүү бир тарабы катары каралат. Көркөм адабиятта портреттик сыпаттоолор ар түрдүү: динамикалуу жана статикалуу, кеңири жана фрагменттик, каармандын психологиялык мүнөздөмөсүнүн бир моментин чагылдырган психологиялык, ошондой эле каармандын тышкы көрүнүшүнүн белгилерин көрсөтүүчү сырткы сыпаттоо түрүндө болушу мүмкүн. Байкалып тургандай, портреттин түркүмдөлүшүнүн негиздери ар кыл болот. Мындан сырткары, портреттик сыпаттоонун өзгөчөлүктөрү ар

түрдүү факторлорго жараша болорун белгилей кетүү жөндүү. Демек, көркөм сыпаттоонун башка каражаттарынан айырмаланып, портреттик сыпаттоо көрсөтмөлүүлүккө ээ болуу менен, интерьерди сүрөттөө жана пейзаждык сыпаттоо менен биргеликте чыгармага өзгөчө көркөмдүк берүү максатына багытталат.

Жалпысынан, портрет, портреттик сыпаттоо искусствонун башка түрлөрүндө да, мисалы, сүрөт искусствосунда, театр өнөрүндө, кинематографияда, скульптурада композициялык бүтүндүктүн маанилүү каражаты болуп эсептелет. Алсак, көркөм сүрөт искусствосунда, атап айтканда, сүрөттө, живописте, скульптурада каармандын тышкы келбетин чагылдыруу көркөм образды түзүүнүн жападан-жалгыз каражаты катары каралат. **Портрет** термини адабият теориясына сүрөт искусствосунан келип киргенин белгилей кетүү талапка ылайык. Ал эми «көркөм адабиятта калемгер каармандардын портетин түзүү, тактап айтканда, алардын келбетин, фигурасын, кыймыл-аракетин, ымдоо-жаңсоолорун, манераларын, кийимин сыпаттоо аркылуу алардын образын, мүнөзүн түзүп бергени жана аларга карата өзүнүн мамилесин туюндурганы портреттик сыпаттоонун маңызын түзөт» [6: 172-175].

Портрет, портреттик сыпаттоо маселесине көптөгөн изилдөөчүлөр ар кыл аспектилерде кайрылышканын белгилей кетүүгө болот. Кээ бир изилдөөчүлөр аталган маселеге чыгарманын жалпы композициясынын, композициялык каражаттарынын алкагында кайрылса, айрымдары көркөм образ, аны түзүү маселесине байланыштуу, ал эми айрымдары түздөн-түз портрет, портреттик сыпаттоо, сүрөттөө, мүнөздөө маселесинин чегинде кайрылышкан [1; 2; 3; 4; 5; 6; 7 ж. б.]. Бирок алардын көз караш-пикирлери айрым өңүттөр боюнча айырмаланып жүрөт. Маселен, изилдөөчү Е. В. Хализев портрет деп каармандын сырткы көрүнүшүн сүрөттөөнү гана эсептебестен, адамдын турпатында болгондун бардыгын, анын ичинде, социалдык чөйрө, жекече демилгеси, маданий салттардын негизинде пайда болуп, түзүлгөндүн бардыгын киргизет. Ал эми каармандын жүрүм-турумунун формаларын портреттин чегинен сырткары карайт [7: 180-183].

Окумуштуу Г. Н. Поспелов идеалдаштыруучу, гротесктик жана психологиялык портеттерди бөлүп көрсөтөт, ошондой эле Е. В. Хализев сыяктуу эле каармандын жүрүм-турумунун формаларын портреттин алкагына киргизбейт [3: 190].

Ал эми изилдөөчүлөр В. В. Савельева менен Л. И. Абдуллина автор тарабынан түзүлгөн портрет-сыпаттоолорду жана каармандын каршысындагы башка каарман тарабынан туюндурулган портрет-таасирлерди бөлүп көрсөтүшөт [4].

Кыргыз адабият таануусунда аталган маселе, негизинен, чыгарманын жалпы композициясынын, композициялык каражаттарынын алкагында,

каармандын образын ачып берүү, көркөм образ жана аны түзүү маселесине байланыштуу фрагменттик түрдө гана каралып келе жатканын көрсөтө кетүүгө болот. Демек, көркөм чыгармадагы портрет, портреттик сыпаттоо маселеси дагы кыйла изилдөөлөрдү талап кыла турган маселе экендиги шексиз.

Жогоруда белгиленип кеткендей, көркөм образдын маанилүү бир тарабы болуу менен, портрет көркөм образдын бүтүндүгү үчүн маанилүү, зарыл болгон сапат-белгилерди туюндурат. Каармандын бир бүтүн образында да, портретинде да жалпы типтүү белгилер жана жеке (индивидуалдуу) белгилер орун алат. Бир жагынан, көркөм образ конкреттүү бир социалдык доорду, белгилүү бир социалдык топту көрсөткөн тарыхый жана социалдык адам катары сүрөттөлөт. Анын сырткы көрүнүшү, манералары, кыймыл-аракеттери, ымдоо-жаңсоолору, ишараттары, адатта, автор өзүнүн чыгармасында чагылдырып жаткан коомдук чөйрөнү мүнөздөп берет. Экинчи жагынан, адабий каарман өз чөйрөсүндөгү башка индивиддерден айырмаланган өзүнчө инсан, кайталангыс индивидуалдуулук болуп саналарын белгилей кетүү талапка ылайык. Каармандын портретинин жеке сапат-белгилерин тандап алуу жана айкалыштыруу аркылуу автор каарманга жана ал тиешелүү болгон коомдук топко карата мамилесин туюндуруп берет. Маселен, Ш. Дүйшеев «Агындыларында» энесинин, карылардын, аялдардын, жиндилердин ж. б. портреттик сүрөттөөлөрү аркылуу XX к. 50-70-жж. элет адамдарына мүнөздүү болгон типтүү коомдук-топтук өзгөчөлүктөрдү көрсөтө алган.

Адабий каармандардын портрети, демек, портреттик сыпатталышы бирдей болушу мүмкүн эмес. Ал социалдык реалдуулукка жараша жана автордун типтүү каарманга карата туюндурган мамилесине жараша өзгөрмөлүү болот. Ошол эле учурда бир эле коомдук чөйрөгө тиешелүү болгон адабий каармандардын портреттерин ар түрдүү калемгерлер ар башкача сүрөттөп бериши мүмкүн экендигин көрсөтө кетүү жөндүү. Мисалы, Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов, У. Абдукаимов, К. Баялинов сыяктуу жазуучулардын чыгармаларында согуш мезгилиндеги элет адамдарынын же ар түрдүү жазуучулардын (мисалы, А. Стамов, М. Гапаров, М. Байжиев ж. б.) чыгармаларында 60-80-жж. кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн сүрөттөлүшү.

Дүйнөлүк адабиятта ар түрдүү адабий жанрларда көркөм стилдердин, методдордун жана багыттардын алмашуусу менен, портрет да өзгөрүүгө дуушар болгонун изилдөөчүлөр В. В. Савельева жана Л. И. Абдулина белгилешет [4: 46]. Көркөм адабияттын өнүгүүсүнүн ар кыл этаптарында портрет, портреттик сыпаттоо жекелештирүү жана типтештирүү даражасы боюнча айырмаланган. Алсак, жалпы эле адабияттаануудан, адабият тарыхынан белгилүү болгондой, элдик оозеки чыгармачылыкта, ошондой

эле антика жана орто кылым адабиятында жекечелик (индивидуалдуулук) абдан эле начар чагылдырылгандыктан, портреттик сыпаттоолор же берилген эмес, же өтө жалпыланган сыпаттоо-сүрөттөөлөр түрүндө болгон, же каармандардын коомдук статусу жана ички сапаттарына туура келген туруктуу эпитеттер, формулалар аркылуу мүнөздөмө берилген. Акыркы жагдайды, маселен, кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу болгон улуу «Манас» трилогиясындагы баатырлардын, акылмандардын, душмандардын, аялдардын портреттеринен, портреттик сыпаттоо-сүрөттөлөрүнөн даана байкоого болот.

Дүйнөлүк адабиятта андан кийинки романтизм мезгилинде идеалдаштырылган портреттер, каарманды идеалдуу кылып сүрөттөө басымдуулук кылган. Романтик-калемгерлер чыгармаларынын каармандарын өзгөчө кырдаалдарда, өзгөчө адамдар катары сүрөттөөгө аракеттенишкендиктен, алардын портреттик сыпаттоолорунда апыртылган, көнүмүш эмес, а түгүл, жомоктук же фантастикалык көрүнүштөр арбын болорун изилдөөчү А. Б. Есин өз эмгегинде көрсөткөн [1].

Кайра Жаралуу доорунан тартып XIX кылымдын орто ченине чейин бет түзүлүшүнүн, кийиминин, дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн, белгилүү бир ымдоо-жаңсоолору менен кыймыл-аракеттеринин жана сырткы көрүнүшүнүн башка белгилерин кеңири сүрөттөп берген статикалуу экспозициялык портрет үстөмдүк кылып келгени белгилүү. Мында каармандын сырткы көрүнүшү чыгарманын башталышында эле сүрөттөлүп, автор андан кийин ага кайрылбаган. Ал эми реалисттик адабиятта мындай портреттик сыпаттоо акырындык менен ырааттуу түрдө каармандын социалдык-психологиялык мүнөздөмөсүнө өткөн.

XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып портреттик сыпаттоонун динамикалык портрет деп аталган түрү кеңири колдонула баштаган жана азыркыга чейин эле калемгерлер тарабынан активдүү колдонулуп келе жатат. Ага ылайык, каармандын портреттик мүнөздөмөлөрү анын иш-аракеттеринин кыймылдуу жана өзгөрмөлүү табиятына сиңирилет. Бул учурда социалдык-типтүү сапат-белгилер эмес, каарманга ошол убакта, ошол кырдаалда мүнөздүү болгон жекече, кайталангыс сапат-белгилер үстөмдүк кылат. Мындай портрет каармандын сырткы көрүнүшүнүн бир кыйла мүнөздүү көрүнүштөрүн чагылдырган кыскача сүрөттөөлөр же бүткүл баяндоо процессинде автор улам көңүл бурган өзүнчө бир деталь же лейтмотивдик портрет түрүндө болот. Реалисттик адабиятта каарманды өнүгүүдө көрсөткөн портрет да орун алат. Мында каармандардын сырткы көрүнүшү алардын социалдык тиешелүүлүгүнө жараша өзгөрүп отурат. Бирок мындай портреттик сыпаттоолордо каармандын сырткы көрүнүшү анын ички дүйнөсү, ички толгонуулары, чындыкка болгон мамилеси менен тыгыз байланыштуу. Мисалы, А. Стамовдун «Чүй дастандарындагы»

Арууке – окуучу, Арууке – студент, Арууке – жаш келин, Арууке – аял.

Реалисттик адабиятта каармандардын портреттери реалисттиги жана типтүүлүгү менен мүнөздөлөт: каарман өз чөйрөсүнүн типтүү өкүлү катары көрсөтүлөт. Мында, адатта, турмуш-тиричиликтеги кадыресе сапаттарга басым коюлат.

Бирок реалисттик адабиятта портреттик сыпаттоолор реалисттик мүнөздө бериле бербеген учурлар да бар. Маселен, романтикалык же сатиралык, гротесктик багыттагы реалисттик чыгармаларда типтүү каармандардын атайылап гиперболалык же литоталык түрдө берилген портрети орун алат. Мындай портреттик сыпаттоолор каармандын типтүү жалпыланышы катары каралат.

Портреттик сыпаттоонун ар кандай түрлөрү бар. Алсак, портреттик мүнөздөмөнүн жөнөкөй жана көп кездешкен формасы болуп портреттик деталдар автордук комментарийлер же жалпылоочу бүтүм менен коштолуп берилген портреттик сыпаттоо эсептелет.

Портреттик сыпаттоонун кыйла татаал түрү катары портрет-салыштыруу каралат. Мында автор портреттин жардамы аркылуу каармандын сырткы көрүнүшү тууралуу тигил же бул таасирди пайда кылат.

Ал эми портреттин эң татаал түрү болуп портрет-таасир эсептелет. Анын өзгөчөлүгүн төмөнкүлөр түзөт: портрет-таасирде портреттик сапат-белгилер жана деталдар берилбейт, башка каарманга же сырткы байкоочуга каармандын сырткы көрүнүшү тийгизген таасир гана орун алат. Портрет-таасирдин аркасында кандайдыр бир сүрөттөлүштү түзүүгө мүмкүн эмес, маанилүү да эмес, мында эмоциялык таасир чечүүчү роль ойноп, ал каармандын образы, мүнөзү тууралуу корутундуга келүүгө өбөлгө түзөт.

Ошондой эле психологиялык портрет да олуттуу көңүл буруруга арзыйт. Ал каармандын тигил же бул кырдаалдагы белгилүү бир психологиялык абалын чагылдырып берүү кызматын аткарат.

Жалпылап алганда, көркөм каражат катары портреттин, портреттик сыпаттоонун маңызын автор анын жардамы менен каармандын образын, мүнөзүн ачып берүүсү жана ага карата мамилесин туюндуруусу түзөт. Портреттик сыпаттоонун көркөм баалуулугу көрсөтмөлүүлүк менен аныкталат. Портрет аркылуу автор каарманды эле эмес, ал тиешелүү болгон социалдык чөйрөнү, доорду жана өзүнүн ага болгон мамилесин да туюндуруп берүү мүмкүнчүлүгүн ишке ашыра алат.

**Адабияттар:**

1. Есин А. Б. Принципы и приемы анализа литературного произведения. - М.: Флинта; Наука, 2000.

2. Невская П. В. Структурно-типологические особенности портретных описаний в художественном произведении //Культурная жизнь Юга России. -2009. -№4. - С. 115-117.

3. Поспелов Г. Н. Введение в литературоведение. - М.: Высшая школа, 1976.

4. Савельева В. В., Абдуллина Л. И. и др. Художественная антропология и творчество писателя. - Усть-Каменогорск– Алматы, 2007.

5. Тамарченко Н. Д. Теоретическая поэтика. - М.: Высшая школа, 2006.

6. Успенский Б. А. Поэтика композиции // Успенский Б. А. Семантика искусства. - М.: Академия, 1995.

7. Хализев В. Е. Теория литературы. -М.: Высшая школа, 2004.